Бишкек жана Чуңкурчак капчыгайы

Өлкө: Кыргызстан

Сүрөттөө:

Чуңкурчак капчыгайы борбор калаа Бишкекке жакын жерде жайгашкан жана кооз тоо кыркалары менен курчалган. Бул жер өзүнүн ачык түстөрү жана тынч чөйрөсү менен өзгөчөлөнүп, Кыргызстандагы эң кооз жана бейпил жайлардын бири болуп саналат. Капчыгайдын аймагы сейрек кездешүүчү жоогазындарды сактап калуу үчүн түзүлгөн Улуттук биологиялык корук болуп эсептелет. Бул жоогазындар капчыгайдын негизги сыймыгы. Жазында бул жерге саякатка келсеңиз, айрым гүлдөрдү гана эмес, ачык кызыл түскө боёлгон кенен шиберлерди көрө аласыз.

1-күн: Бишкек — Чуңкурчак капчыгайы (40 км / 3 саат)

Бишкектен тосуп алуу менен Чуңкурчак капчыгайына трансфер башталат, жолдо апрель жана май айларында гүлдөгөн жапайы жоогазындардын кооздугуна күбө болосуз, андан соң Көгүчкөн шаркыратмасына баруу менен программа уланат жана келгенден кийин боз үй лагерине жайгашуу каралган. Боз үй лагеринде каалоочулар үчүн улуттук ашкананын ресторану кошумча акы үчүн кызмат көрсөтөт, ошондой эле курчап турган тоолордо сейилдөөгө, табият койнунда эс алууга, таза абадан дем алып, заңкайган тоо пейзаждарынан толук ырахат алууга бардык шарттар түзүлгөн.

Жайгашуу: Боз үй мейманканасы
Тамактануу: Кирбейт

2-күн: Чуңкурчак капчыгайы — Чоң-Кемин улуттук паркы (160 км / 4 саат)

Чоң-Кемин улуттук паркына трансфер. Жолдо жапайы жоогазын талааларына суктануу (апрель-май сезон).
Бурана мунарасына (ЮНЕСКОнун бүткүл дүйнөлүк мурасы) экскурсия жасоо үчүн аялдама.
Чоң-Кеминге келүү жана конок үйүнө жайгашуу.
Конок үйүндө даамдуу үй тамагы (түшкү жана кечки тамак).
Айыл ичинде экскурсия: жергиликтүү калктын жашоо-тиричилиги менен таанышуу жана Чоң-Кемин өрөөнү алаканга салгандай көрүнгөн панорамалык аянтчага жеңил жөө жүрүш.

Жайгашуу: Кемин конок үйү
Тамактануу: Эртең мененки, түшкү жана кечки тамак

Кошумча акы төлөнүүчү кызматтар:
- Кыргыз улуттук оюндарынын шоусу
- Бүркүт салуу (мүнүшкөрчүлүк) көрсөтмөсү
- Борсок-шоу — кыргыздын улуттук даамын даярдоо
- Өрөөндө ат менен сейилдөө

Бурана комплекси (ЮНЕСКОнун объекти) — Кыргызстандын сейрек кездешүүчү тарыхый курулуштарынын бири жана Улуу Жибек Жолундагы байыркы шаардын эстелиги. Мунара XI кылымда Караханийлер мамлекетинин борбору болгон Баласагын шаарынын минаретинин бир бөлүгү болуп саналат. 1974-жылы мунара калыбына келтирилген. Бүгүнкү күндө коноктор ички тепкич аркылуу мунаранын чокусуна чыга алышат, ал жерден курчап турган тоолордун керемет көрүнүшү ачылат. Мунаранын айланасында VI–X кылымдарга таандык балбал таштар жайгашкан.

Чоң-Кемин өрөөнү жана капчыгайы — активдүү эс алууну сүйүүчүлөр арасында абдан популярдуу. Чоң-Кемин дарыясы Күнгөй Ала-Тоо жана Иле Ала-Тоо кыркаларынын ортосунда 110 чакырымга созулуп агат. Бул жерде флора жана фаунага бай Улуттук парк жайгашкан. Өрөөндүн беттери ийне жалбыректуу токойлор, дары чөптөр жана мөмө-жемиштер менен капталган.

3-күн: Чоң-Кемин улуттук паркы — Бишкек (140 км / 3 саат)

Конок үйүндө айылдын таза азыктарынан даярдалган даамдуу эртең мененки тамак.
Эртең менен табият койнунда бош убакыт.
Ат менен сейилдөө (кошумча акы үчүн).
Конок үйүндө түшкү тамактан кийин Бишкекке кайра трансфер. Келүү чекитине жеткирүү.

Тамактануу: Эртең мененки, түшкү тамак

4.

Баанын ичинде

- Экскурсилар

Мезгил:

баштап 310 $

Күн: 3 / Түн: 2

Бишкек жана Чуңкурчак капчыгайы



Байланышуу:
(24/7) +996 312 900 883, +996 701 900 883, +996 777 900 883, +996 557 900 883
tours@concept.kg